**Мугалим: Малдыбаева Кайыр Аалиевна**

**Бишкек шаары №53 Жалпы орто билим берүүчү мектеби**

**Класс**: 5 б

**Сабактын темасы:** Кыргызстан

**Сабактын кептик темасы:** Кыргызстан кайда жайгашкан?

**Грамматика:** Этиштин чактарын кайталоо

**Лексика :** түндүк, түштүк, батыш, чыгыш, тил, борбор,чакырым, калк, жайгашкан, чектешкен**.**

| Сабактын максаттары | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| **Тилдик максат:** Окуучулар жаңы сөздөр менен таанышышат, активдештирилет. Этиштин чактарын өз кебинд колдоно алышат. | Жаңы сөздөрдү, этиштин чактарын ооз-эки жана жазуу кебинде туура пайдалана алышса. |
| **Кептик максат:** Суроолорго туура жооп бере алышат, текстти кыскача айтып бере алышат. Өз шаары жөнүндө текст түзүшөт. | Берилген суроолорго жооп бере алышса, тексттин мазмунун айтып бере алышса, кептик конструкцияларды туура пайдаланып, жашаган шаары жөнүндө текст түзо алышса. |
| **Социомаданий максат:** Кыргызстан кайсы өлкөлөр менен чектешерин, өзүнүн шаарынын кандай экенин айтып берет. | Кыргызстан кайсы өлкөлөр менен чектелишин айтып бере алышса, жашаган шаары жөнүндө айтып бере алса. |

**Сабактын тиби**: Кайталоо


**Сабактын формасы**: Жеке жана топто иштөө

**Колдонуучу каражаттар:** Окуу китеби, сүрөттөр, карта, карточкалар,ТСО

**Сабак аралык байланыш**: георграфия, тарых, адабият

**Сабактын жүрушү:**

**I Уюштуруу этабы** Окуу ишмердүүлүгүнө мотивдештирүү. Мен сабакты уюштурам 5 мин



Жагымдуу маанай түзүү

**II Өтүлгөн материалды кайталоо** 23 мин

**Кыргыстан жөнүндө слайд көрсөтүү: http//you.be/dokdDK9ch2E** 5мин

**а) Лексикалык иш:** 25-көнүгүү Окуучулар сөздөрдү туура формага, жөндөмөлөргө коюу керек. Ошол эле учурда окуучулар түндү, түштүк, батыш, чыгыш деген сөздөрдү активдештирет.

**б)** 26-көнүгүү Окуучулар карта менен иштешип, Кыргызстандын аймактары кайда жайгашканын үлгүнү пайдаланып, айтып беришет.

**в) Сүрөт менен иштөө:** Мен окуучуларды 4 кичи топко бөлүп, берилген кептик үлгүлөрдү пайдаланып, сүрөттөр тартылган жерлер жөнүндө айтып берүүнү өтүнөм. Ар бир топ берилген сүрөт боюнча кыскача айтып беришет. Башка топтор суроо берип турушат.



**г) Текст менен иштөө:** Текстти окуганга чейин жаңы лексика менен иш жургүзөм. Окуучулар текстти өз алдынча окушуп, кайсы маалымат алар үчүн жаңы болгонун айтышат.



**д) Жазуу иши**: Картаны жана берилген үлгүлөрдү пайдаланып окуучулар Кыргыстан кайсы өлкөлөр менен чектешкенин жазышат. Бири-бирине окуп беришет.

**ж) 30-көнүгүү** Окуучулар өз алдынча текст менен таанышы, кайсы айыл жөнүндө экенин айтып беришет. Мен кошумча суроолорду берем.

**Мисалы:** Айыл кайда жайгашыптыр? Ал кайсы инсандын атынан коюлуптур?

Суроолор боюнча аңгемелешүү окуучулардын оозеки кебин өнүктүрөт.

**III Окуучуларды баалоо** 5мин

Сабактын башында ар бир кичи топко лидер шайлап, баалоо баракчасын сабактын башында тараткан. Сабактын аягында ал баракчалар б/а комментарий берип, баа коюлат.

| Окуучунун аты-жөнү | Лексикалык ишти аткаруу | Сүрөт менен иштөө | Текст менен иштөө |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |
| 2. | | | |

**IV Сабактын жыйынтыгы Рефлексия** 5 мин

Окуучулар китепте берилген схема б/а сабакта эмнелерди үйрөнгөнүн, түшүнгөнүн ж.б айтып беришет.

**V.Үйгө тапшырма:** 2 мин

Окуучулар берилген суроого таянып өзүнчө баракка жасаган жери жөнүндө кыскача аңгеме жазып



келишет.